# БУХГАЛТЕРЛЕРДИН ЭЛ АРАЛЫК ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН РОЛУ

Бухгалтерлердин эл аралык федерациясы (БЭФ) күчтүү жана туруктуу уюмдардын, рыноктордун жана экономикалардын өнүгүшүнө өз салымын кошуп, коомдук кызыкчылыктарга кызмат кылат. Ал финансылык отчеттуулукта айкындуулукту, отчеттуулукту жана салыштыруучулукту жактайт; бухгалтердик кесипти өнүктүрүүгө жардам берет; жана глобалдык финансылык инфраструктура үчүн бухгалтерлердин маанилүүлүгү жана баалуулугу жөнүндө кабарлайт. 1977-жылы негизделген БЭФ азыркы учурда 130дан ашык өлкөнүн 175тен ашык мүчөлөрүнөн жана ассоциацияланган адамдарынан жана ачык практика, билим берүү, мамлекеттик кызмат, өнөр жай жана соода чөйрөсүндө иштеген дээрлик 3 миллион бухгалтерди билдирген юрисдикциялардан турат.

Коомдук кызыкчылыктарды камсыз кылуу боюнча өз мандатынын алкагында БЭФ, биринчи кезекте, Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан өзүнүн колдоосу аркылуу аудиттин жана маалыматтардын ишенимдүүлүгүн ырастоонун жогорку сапаттагы эл аралык стандарттарын иштеп чыгууга, кабыл алууга жана киргизүүгө өз салымын кошот. БЭФ стандарттарды белгилөө боюнча ушул көз карандысыз комитетке адамдык ресурстарды, имарат-жайларды башкарууну, коммуникациялык колдоону жана финансылоону берет, ошондой эле кеңештин мүчөлөрүн көрсөтүү жана тандоо процессин жеңилдетет.

Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш жеке өзүнүн күн тартибин белгилейт жана өзүнүн жарыялоолорун белгиленген жол-жоболорго ылайык жана БЭФ катышпастан бекитет. БЭФ күн тартибине же жарыялоолорго таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. БЭФ колдонмолорду, стандарттарды жана башка жарыялоолорду чыгарат жана автордук укуктарга ээ.

Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин көз карандысыздыгы төмөнкүдөй бир нече ыкмалар менен кепилденет:

- формалдуу, Коомдук кызыкчылыктарга көзөмөлдүк кылуу боюнча кеңеш стандарттарды белгилеши боюнча коомдук кызыкчылыктарга көз карандысыз көзөмөлдүк (www.ipiob.org сайтындагы кошумча маалыматты караңыз), ал коомчулук менен консультацияны камтыган ойдогудай так жол-жоболорду камтыйт;
- талапкерлерди көрсөтүүгө ачык чакырык жана Коомдук кызыкчылыктарга көзөмөлдүк кылуу боюнча кеңеш тарабынан көрсөтүү / тандоо процессине формалдуу көз карандысыз көзөмөл;
- стандарттарды белгилөөнүн мыйзамдуу жол-жобосу жагынан да, күн тартибинин, жыйындардын материалдарына жана ар бир жыйынтыктоочу стандарт боюнча корутундулардын жарыяланган негиздерине коомчулуктун жеткиликтүүлүгү жагынан да толук айкындуулук;
- стандарттарды белгилөө процессине Консультациялык топтун жана байкоочулардын катышуусу; ошондой эле

BACKGROUND

- Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин мүчөлөрүнүн, ошондой эле дайындоочу / жалдоочу уюмдардын директорлор кеңешинин көз карандысыздык, ак ниеттүүлүк принциптерин жана коомдук кызыкчылыктарды сактоо миссиясы жөнүндө талап.

Кошумча маалымат үчүн БЭФтин www.МФБ.org вебсайтына кириңиз.